КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
НУРЖАНОВ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫ
НУРЖАНОВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
НУРЖАНОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
НУРЖАНОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2023-ж 3-ноябрь № 46 Жон-Арык айылы

**“Жер участогун которуу (трансформациялоо) жөнүндө”**

Мал чарбасын өнүктүрүү максатында кашар жана чабан үй куруу боюнча Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө» Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 токтому менен бекитилген «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө” Убактылуу жобону карап көрүп, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесин жетекчиликке алып Нуржанов айылдык кеңеши;

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кашар жана чабан үй куруу үчүн Нуржанов айыл аймагынын административдик чегиндеги “Кен-Кол” өзөнүнүн “Терек” участогунун №47 чөйрө сызыгындагы жалпы аянты 0,15 га жер участогун “Запастагы жерлер” категориясынын жайыт жерлер түрүнөн “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынын курулуш алдындагы жерлерге которууга (трансформациялоого) макулдук берет.

2. Жерлерди бир категориядан башкасына же чарба жерлеринин башка түрүнө которуу (трансформациялоо) жөнүндө жерге жайгаштыруу көктөмөсүн даярдоо жогоруда аталган мыйзамдарга ылайык жүргүзүлсүн.

3. Жогоруда аталган мыйзамдарга ылайык, которуу (трансформациялоо) боюнча тиешелүү корутундуларды алуу үчүн иш кагаздарды жана Талас райондук жер комиссиясына сунушту даярдоо жагы Нуржанов айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

Төрага Д.Беренбаев